ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com



ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

# *Кожокматов Сатындыга*

**Абдулазиз Мурзаев,**
*Эмгек ветераны, Баткен облусу, Сүлүктү ш., Т.Ибрагимов көчөсү, 73, 10.10.2003г.*

Ассалоому алейкум
Кожокматов Сатынды
Сүлүктү, Лейлек элдери
Унутушпайт эч качан
Сатынды деген атыңды

Акыл, сезим күчүңдү
Аябастан эл-журтка
Берип кеткен экенсиң
Буюрганын насиптин
Терип кеткен экенсиң

Кызматың менен Эл-журтка
Жагып кеткен экенсиң
Бакыт менен таалайды
Таан кеткен экенсиң

Калайык-калк, Эл журтка
Кызмат кылып кеткенсиң
Кулундай жаш кезиңде
Кырчындай жигит экенсиң

Эр-азамат Сатынды
Эл атынан ырдадым
Дарт көрбөсүн колуңуз
Колдоп жүрсүн кудайым

Шахтыда буту сынганда
Карагансың абамды
Узун өмүр сүргүн деп
Берейин мен батамды

Жетимиш жаштын кырынан
Өтүп калган кезегим
Элестетип көзүмө
Дайым сени эстеймин

Сендей жигит дүйнөгө
Анда-санда бир келет.
Сенин кылган кызматыңды
Сүлүктү, Лейлек эл билет.



**С.Кожокматовдун жетекчилигинде адис врачтардын бригадасы Лейлек жергесинде.**

Сүлүктү, Лейлек жериме
Жаш кезиңде келгенсиң
Улуу, кичүү инсанга
Көп жардамын бергенсиң
Кары-картан, жаштарды
Өлүмдөн алып калгансың

Окуп иштеп күнү-түнү
Кандидат наук болгонсуң
Он беш мүнөт ичинде
Сыныктарды Сатынды
Оңдоп-түзөп койгонсуң

Хирургия башчысы
Орус кызы Левина
Ошондон таалим алгансың
Докторлуктун китебин
Окуп, окуп көп иштеп
Кандидат наук болгонсуң

Ушул жазган ырыбыз
Сизге кубат дем болсун
Окуп, ырдап коюңуз
Бала-чака жар менен
Аман-Эсен болуңуз

Урматтуу жигит Сатынды
Улукман жолун жолдопсуз
Улук зат өзү бир кудай
Сатынды сизди колдосун

Үстүнө кийген халатын
Апапак шайы жибектен
Айлансак болот Сатынды
Азамат сиздей жигиттен

Калем кагаз колго алып
Кагазга жазып түшүрдүм
Ушул кагаз бетине
Ушинтип жаздым сиз үчүн

Уйкаштырып ыр жаздым
Кара сөздүн ордуна
Тийсин дедим ушул кат
Сатындынын колуна

Көкүрөктөн чыккан ыр
Көк сыя менен жазылды
Кыйналып жатып бут ооруп
Көз жашым ылдай агылды

Бутум ооруп кышында
Бир жанымды кыйнады
Күнү-түнү түйшөлтүп
Бул оору буттан чыкпады

Ыйлап алам түндөсү
Сатындыга жетсем деп
Бир кудайдан тилеймин
Ошондон шыпаа тапсам деп

Ызгаар суук чилде экен
Бара албадым Бишкекке
Жер узагы курусун,
Жетер бекем мен сизге

Келерки кышты көп ойлоп,
Кайра бутум сыздады
Баралбайсыз Ата деп,
Бактыгүл кызым ыйлады.

Бут оорусу курусун,
Бул дүйнөдөн түңүлдүм.
Келсин деп кабар берипсиң,
Кабарын угуп сүйүндүм

Барып калсам Бишкекке
Табар бекем мен сизди
Жетеле деп колумдан,
Шарапат деген кызымды

Эм тапсам деп мен сизден
Ыкылас кылып бармын
Жетип алсам Бишкекке,
Сизден шыпаа табармын

Левина деген хирургдан
Тарбия таалим алгансың.
Тайлактай жап-жаш бала элең
Такшалып кийин калгансың

Кудай берген өзүңдү,
Карапайым кыргызга
Сарп кылып келе жатасың
Бардык сезим күчүңдү
Көп оорулуу инсандан
алкышымды айтайын
Жараткан сизди кудайга

Ак пейилдүү ак көңүл
Ак жолтой жигит экенсиз
Алланын тийип назары
Ушундай болгон бекенсиз
Акыл эстүү, сезимдүү
Дилгир жигит экенсиз.

Кара мүртөз кек куубас,
Кең пейилдүү экенсиз,
Калкыбыздын бактына
Сүлүктүдөн барганга
Жардам берет экенсиз

Узун өмүр ден-соолук,
Улук зат жалгыз кудайдан.
Ушуну сизге тилеймин
Беш убак окуп намазым
Дуба кылып жүрөйүн